КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН**
**I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 20-январы №104 Оргочор айылы

**«Ак-Таш» жайлоосунда нефрит ташы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Туризм жөнүндө» жана «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдарына ылайык, Оргочор айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 20-январындагы чыгыш №03-4/1 катынын негизинде, айыл чарба жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Тотубаевдин билдирүүсү угулуп жана талкууланып Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. «Ак-Таш» жайлоосундагы нефрит ташын тарыхый баалуулук, мурас катары муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

2. Нефрит ташын муниципалдык менчикке алуу боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын.

3. Нефрит ташын тарыхый баалуулук мурас катары пайдалануу жана сактоо үчүн “Жергиликтүү маанидеги тарыхый обьект” катары каттоодон өткөрүү жагы каралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков